PLITONIT

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

Plitonit Deutsche Qualität

## PLITONIT Mosaic White — ГОСТ Р 56387 боюнча C1 TE классындагы ак түстүү кургак таш төшөөчү желим аралашмасы




Каражат айнек, керамикалык, таш жана кооздук мозаикасынын бардык түрлөрүн, мрамордон жасалган майда-майда плиткаларды, ошондой эле керамикалык плиткаларды бетон, темир бетон, уюктуу бетон, кирпич, гипскартон, цемент, акиташ-цемент жана гипс шыбактарынан жасалган дубалдар менен полдорго ички жана тышкы иштерди аткарууда чаптоо үчүн арналган. Жылытылган полдорду жана көлөмү 50 м$^3$ чейинки жабык бассейндерди ныкталган айнек мозаикасы менен каптоо үчүн колдонулат. Мозаика менен каптоо үчүн зарыл болгон жогорку ийкемдүүлүккө, ошондой эле сууга жана суукка туруктуулукка ээ. Материалды колдонуу өтө ыңгайлуу. Желим катмарынын ар кандай калыңдыкта болушу мозаиканы да, табигый ташты да чаптоого шарт түзөт. Каптоочу материалдардын баштапкы түсүн өзгөртпөйт.

**Таңгактоо — 25 кг.**

- жакшы жабышат – 1МПа
- түсү ак
- ачык убактысы узартылган – 30 мүнөт
- 24 сааттан кийин басууга жана кемтиктерди шыбоого болот

### Материалдын сарпталышы

1,2-1,4 кг/м², катмардын калыңдыгы 1 мм болгондо

| Плитканын эң узун тарабынын узундугу, мм | 108ге чейин | 109-200 | 201-250 | 251-300 | 300дөн өйдө |
|---|---|---|---|---|---|
| Шпателдин тишинин бийиктиги, мм | 4 | 6 | 8 | 10 | 12 |
| 1 м² үчүн кургак аралашманын чыгымы, кг, өйдө | 2,65 | 3,98 | 5,3 | 6,63 | 7,95 |
| 25 кг желим колдонгондогу плитканын аянты, м², өйдө | 9,4 | 6,3 | 4,7 | 3,8 | 3,1 |

Материалдын сарпталышы тегизделген бетте иштөө учурунда көрсөтүлгөн, ал жоготууларды эсепке албайт жана сүйкөө ыкмасына, негиздин одур-будурлугуна жана устанын чеберчилигине жараша өзгөрүшү мүмкүн.

### Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутканын ичинде абанын жана негиздин жана плитканын температурасы +5°Стан +30°Ска чейинки аралыкта болушу керек. Иш жүргүзүлүп жаткнада аралашманын температурасы +10°Стан +30°Ска чейин болушу керек.

### Негизди даярдоо

Каптоо алдындагы негиз бекем, кирден, чаңдан, майлардан, ар кандай боёктордон жана желимдерден, ошондой эле кат-кат болуу түшүүчү нерселерден тазаланган болушу керек.

Гипс негиздерин жана сууну сиңирүү жөндөмдүүлүгү жогору болгон беттерди каптоо иштерин баштоодон мурун, өндүрүүчүнүн көрсөтмөсүнө ылайык ПЛИТОНИТ Кыртыш менен иштетүү зарыл. Андан кийинки иштер кыртыш толугу менен кургагандан кийин гана аткарылат.

**Аралашманы даярдоо**

Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек. Аралаштыруудагы катыш: 1 кг кургак желим аралашмага 0,24-0,26 л суу талап кылынат (25 кг үчүн 6,0-6,5 л) Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн бөлмө температурасындагы сууга кошуп, электр миксери же насадкасы бар электр бургусу менен 2-3 мүнөт бою, айлануу ылдамдыгы мүнөтүнө 600дөн ашырбай, бир өңчөй абалга келгенче аралаштырыңыз. Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра бир жолу аралаштырып алыңыз. Кайра аралаштырылганда жогоруда көрсөтүлгөн катыштын эң көп көрсөткүчүнө чейин суу кошууга уруксат берилет. Даяр аралашманы колдонуу убактысы – 4 сааттан ашык эмес (өтмө шамал жана жогорку температура бул убакытты кыскартат).

**Иштин тартиби**

Даяр аралашманы жылмакай шпателдин жардамы менен бетке бирдей бөлүштүрүп сүйкөп, андан кийин тиштүү шпател менен тарам-тарам кылыңыз (шпателдин тиштеринин өлчөмү плитканын түрүнө жана көлөмүнө жараша тандалат). Аралашманы 30 мүнөттүн ичинде (аралашманын ачык иштөө убактысы) плитка менен каптоого мүмкүн болгон аянтка гана жаюу керек. Эгерде жайылып коюлган желимдин бетинде кургак катмар пайда болсо, аралашманы беттен алып салып, ордуна жаңысын сүйкөө зарыл. Плитканы желим аралашманын үстүнө коюп, бир аз айланткан кыймылдары менен анын ичине басуу керек. Плитканын абалын кийинки 20 мүнөттүн ичинде оңдоого болот. Ичинен жел өткөн учурда жогорку температурада, ошондой эле беттин сууну сиңирүү жөндөмдүүлүгү жогору болгондо, аралашманын ачык иштөө убактысы жана аны оңдоо убактысы кыскарат. Плитка тиешелүү шаймандар менен тегиздөө аркылуу тигиштерин ачык калтырып төшөлөт. Плитканын арткы бетинин одур-бодурлуу бийиктиги 2 мм ашса же өлчөмү 30х30 см чоң болсо, плитканын астында боштуктардын пайда болушун алдын алып, жабышуу бекемдигин жогорулатуу үчүн желимди айкалышкан ыкма менен (негизге да, плитканын арткы бетине да) сүйкөө керек. Негизге желим жогоруда сүрөттөлгөндөй сүйкөлөт. Плитканын арткы бетине желим алгач тиштүү шпател менен сүйкөлөт, андан кийин түз шпател менен плитканын бүт аянтына бирдей жайылат. Айкалыштырылган ыкманы колдонгондо материалдын чыгымы 1 мм катмар калыңдыгында 1,4 кг/м²ге көбөйөт.

**Көңүл буруңуз**

Капталган полдун үстүнөн басууга жана тигиштерин шыбоого 24 сааттан эрте эмес убакытта уруксат берилет. Көрсөтүлгөн убакыт мүнөздөмөлөрү айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон учурда жарактуу болуп саналат, ал эми башка температуралык жана нымдуулук шарттарында өзгөрүшү мүмкүн. Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Плитканы төшөөдөн мурун сууга чылабаш керек, плитканын арткы бетин чаңдан жана кирден тазалоо зарыл. Иш жүргүзүп жатканда аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу керек Даяр болгон аралашмага кошумча суу кошууга тыюу салынат.

**Сактык чаралары**

Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча кооптуулуктун 4-классына (көп кооптуу эмес заттарга) кирет. Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек. Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек. БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК.

### Ташуу жана сактоо шарттары

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон жайларда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

### Курамы

Кум, портландцемент, минералдык толтургуч, өзгөртүүчү кошулмалар.

### Өндүрүүчүнүн кепилдиги

Өндүрүүчү керектөөчү тарабынан ташуу, сактоо шарттары жана ушул нускаманын талаптары сакталган учурда аралашманын ГОСТ 56387, С1 ТЕ классы жана ТУ 23.64.10205-51552155-2020 талаптарына шайкеш келе турганына кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2002ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өндүрүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилген (Аэфф<370 Бк/кг, НРБ-99/2009 СанПиН 2.6.1.2523–09 боюнча)

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| Толтурманын эң көп бөлүкчөсү | 0,63 мм |
| Желим катмарынын эң чоң калыңдыгы | 10 мм |
| Суунун өлчөмү<br>• 1 кг аралашмага<br>• 25 кг аралашмага | <br>0,24-0,26 л<br>6,0-6,5 л |
| Жумуштарды жүргүзүүдө температуралык режим | +5°Стан +30°Ска |
| Ачык иштөө убактысы, кем эмес | 30 мүнөт |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | 20 мүнөт |
| Аралашманын ишке жарамдуулук мөөнөтү | 4 саат |
| Тигиштерди шыбоо иштерин жүргүзүү убактысы, убакыттан кийин | 24 саат |
| Колдонуудагы температуралык режим, чейин | -50°Стан +70°Ска чейин |
| Кысууга болгон бекемдик белгиси, кем эмес | М50 |
| Плитканын абалын оңдоп-түзөө убактысы, кем эмес | F100 |
| 28 суткадан кийин абада-кургак чөйрөдө кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥1,0 МПа |
| Суу чөйрөсүндө кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥0,5 МПа |
| Жогорку температурада кармагандан кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥0,5 МПа |
| Кезектешип тоңдуруп жана эритүүдөн кийинки желимдүү биригүүнүн бекемдиги | ≥0,5 МПа |
| Аба-кургак чөйрөдө кармагандан кийин, негиз менен жабышуу бекемдиги аркылуу ачык убакыт | ≥0,5 МПа |
| ГОСТ Р 56387 боюнча желимдин классы | С1 ТЕ |

### Логистикалык маалымат

Жеке штрих-код: 4607013046160

Паллетадагы каптардын саны: 48 даана